С.С.Усубалиев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби

# «Биз – Кыргызстандын келечегибиз!»

**Мугалим: Сулайманова Э.А**

AnyScanner

## БИЗ - КЫРГЫЗСТАНДЫН КЕЛЕЧЕГИБИЗ!

(Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 1-4-класстары үчүн 2022-2023-окуу жылыны 1-сентябрында өтүлүүчү сабактын болжолдуу үлгүсү)

**Сабактын максаты:**
**Билим берүүчүлүк:** окуучуларга Кыргызстандын баалуулуктары тоолору, жаратылышы жа тууралуу маалымат берүү.
**Өнүктүрүүчүлүк:** Алган билимдерин өркүндөтүүгө жана турмушта колдонууга багыттоо.
**Тарбия берүүчүлүк:** Кыргызстандын гүлдөп өсүшүнө салым кошуучу жарандык милдеттерин билүүгө багыттоо.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды түшүндүрүү
**Методдор/технологиялар:** топтук иш, суроо-жооп, аңгемелешүү
**Ресурстар:** сүрөттөр, карточкалар, техникалык каражаттар

**Сабактын жүрүшү**
**Уюштуруу:**
*Мугалим окуучулар менен учурашат. Балдардын сабакка даярдыгын текшерет.*
**Жагымдуу маанай түзүү:**
Саламатсыңарбы кымбаттуу окуучулар! Баардыгыңарды Билим күнү майрамы мен куттуктаймын! Быйылкы окуу жылы бардыгыңарга ийгиликтерди алып келсин! Сабагыбыз **Кыргыз Республикасынын гимни** менен баштайбыз.

*(Окуучулар төмөнкү ырды мугалимдин артынан кайталашат)*
Салам, алтын күн!
Салам, көк асман!
Салам, жер эне!
Салам, Кыргызстан!
- Биздин бүгүнкү сабагыбыз мекенибиз Кыргызстан жөнүндө болот.

*Окуучуларды 1, 2, 3 деп санатып топторго бөлүп алуу. Бөлүнгөн топтор берилген саптарынын негизинде топторунун атын аныкташат.*

**1-топ "Ата-Журт"**
Жылуу кийин жолуң кыйын үшүүрсүң
Кышта катуу бороон улуп, кар уруп,
Суугунду өз мойнума алайын,
Жол карайын, токтой турчу, Ата Журт!

**2-топ "Жер эне"**
Жаралгандан жандарга,
Койнун ачкан Жер эне
Адам, айбан дебестен,
Мээрим чачкан Жер эне.

**3-топ "Мекен"**
Мекеним менин — Кыргызстан
Сыймыктанам, мактанам!
Бийик тоолуу, асыл деп,
Көргөндүн баары суктанган!

- Ошентип биз топтордун атын аныктап алдык, эми сабагыбызды уланталы.
- Келгиле анда төмөнкү видеону чогуу көрүп алалы:
https://ibilim.edu.gov.kg/kyr/nature-study/1/kyrgyzstandyn_oblasttary_zhana_shaarlary/data/video1.mp4
*( видеонун ордуна төмөнкү маалымат менен тааныштырса да болот)*

Кыргыз Республикасы демократиялык жолдогу эгемендүү мамлекет. Ал борбор, Азияда жайгашкан. Анын символикалык белгилери бар, алар: гимн, желек, герб. Аянты 199 $км^2$. Өлкөнүн курамында 7 област, 40 район, 31 шаар бар.

Борбору – Бишкек шаары. Кыргызстан абдан кооз өлкө. Асман мелжиген би тоолорубуз, терең көлдөрүбүз, таза аба, мөңгү сууларыбыз көп. Кыргыз эли көп кылым тарыхы, кайталангыс маданияты, каада – салты бар, улуттук тилин аздектеген эл. Түн аймагында кар кете элек болсо, түштүгүндө – тоо этегинде алма-өрүк гүлдөйт.

Кыргыз бермети Ысык-Көл менен сыймыктанабыз. Жерибиз кен байлыктарга б гениалдуу жана таланттуу адамдар мекенибиздин жана элибиздин атагын чыгарган. У акын жана жазуучулардын, таланттуу сүрөтчүлөрдүн, манасчылардын мекени.

Кыргызстан көп улуттуу калкы бар мамлекет. Азыркы учурда бирдиктүү үй бүлө, 6000000 адам жашайт. 120дан ашуун улуттар бар. Кыргызстандын эли – бирдиктүү Тынчтык жана ынтымак ар бир адам үчүн башкы орунда турат.

**Суроолор берилет:**

- Өлкөнүн курамында кайсы областтар бар?
- Кандай каада-салттарды атай аласыңар?
- Кыргыз элин дүйнөгө тааныткан жазуучу ким?
- Биздин мамлекетте жашаган кайсы улуттарды билесиңер?
- Кыргыз Республикасынын кандай символикаларын билесиңер?

**Окуучулардын жооптору:**

Мугалим **жаңы маалыматты** маалыматтык-коммуникативдик технологиялардын жарда менен берет:

Балдар биздин президентибиз Садыр Жапаров «2022-жыл – Тоолорду коргоо ж климаттык туруктуулук жылы» деп жарыялаган. Анда:

- Кыргыз элинин сыймыгы болгон тоолордун жашоо-тиричиликтеги мааниси ж аларды сактай билүү;
- Кыргызстандын жаратылышынын кооздуктарын жана байлыктарын коргоо;
- экологияны сактоо;
- ден соолукту чыңдоо жана ага көңүл буруууга өзгөчө көңүл бурулган.

- Кыргызстанда эс алууга багытталган ажайып кооз корук жайлар, сууларыбыз соолугубузду чыңдоого кызмат кылат. Адеп-ахлагыбызды өнүктүрүү үчүн кыргыз эл таандык жүрүм-турум эрежелери, каада-салты, үрп-адаттары кызмат кылат. Кыргызстан жаратылышы кооз, анда жайы-кышы эс алуу мүмкүнчүлүктөрүбүз чоң. Кыргызстандын к жаратылышын сактоо, өнүктүрүү, ден соолукту чыңдоо ишине экологиябыз жооп берет.
- Балдар, экология деген эмне? Аны силер кандай түшүнөсүңөр?
- Жаратылышты коргоо үчүн биз эмне кылышыбыз керек?

Жер бетиндеги аба, суу, топурак, өсүмдүктөр, жаныбарлар, канаттуулар, жер алдындагы түрдүү кендер ж.б. бизди курчап турган жаратылыш. Сууда балыктар, бийик аскада жапа жаныбарлар мекендешет. Ал эми токойдун ичине кирсең, ар кандай куштардын му сайраганын угасың. Чөптүн арасында коңуздар, курт-кумурскалар кыбырап жүрү Жаратылыш – баарыбыздын үйүбүз. Жаратылыш ар бир өсүмдүктүн, ар бир жаныбар ошондой эле адамдын да үйү. Ошондуктан курчап турган дүйнөнү: абаны, сууну, топур булгабай таза сактайлы. Чөптөрдү тебелеп, бак-дарактарды сындырбайлы. Алар айланага берет, абаны тазалайт.

*(кластер аркылуу окуучуларга экологияны түшүндүрүү, окуучулардын ойлорун толукт*

**Практикалык иш:**

**Топтордо иштөө:**

**1-топ “Кыргызстандын 7 кереметтери” деген темада сүрөттөрдү презентациялап бер**

*Окуучуларга Кыргызстандын баалуулуктары жана кереметтеринин сүр берилет. Берилген сүрөттөр боюнча “Кыргызстандын 7 керемети” боюнча 1-2-к кластер түзүшөт.*

*3-4-класстар кластер түзүшөт жана ал кереметтер кайсы областтарда жайгашкандыктары боюнча презентациялап беришет.*

**2-топ “Менин Ала-Тоом” деген темада презентация кылышат.**

*1-класстар “Менин Ала-Тоом” темада сүрөт тартышат.*

*2-класстар берилген сүйлөмдөрдөн текст чогултушат.*

*3-4-класстар берилген тексттин негизде аңгемелер пирамидасын түзүшөт жана презентациялап беришет.*

**3-топ “Жаратылыш жан досум” деген темада презентациялап беришет.**

*1-2-класстар берилген сүрөттөрдүн негизинде “туура” жана “туура эмес” таблицасын толтурушат.*


***3-4-класстар берилген кроссвордду толтурушат.***

**Тигинен:**

1. Бизди курчап турган чөйрө. (жаратылыш)
5. Чокусу бийик теректен,
Өспөйт бирок таптакыр. (тоо)
7. Уруктан эмне өсүп чыгат? (өсүмдүк)
9. Суунун катуу абалы эмне деп аталат? (муз)

**Туурасынан:**

2. Булуттан түшкөн тамчылар эмне деп аталат? (жамгыр)
3. Коргоого алынган жаратылыш аймагы? (корук)
4. Куштар менен жапайы айбанаттардын жашоо чөйрөсү? (токой)
6. Абанын жер бетине жарыш кыймылы эмне деп аталат? (шамал)
8. Суусу тике ылдый агып түшкөн жер. (шаркыратма)



**Бышыктоо.**

- Бүгүнкү сабакты “Жаратылыштын жаш досторунун эрежелери” менен бышыктагы келип турат.
- Ар бириңер ушул эрежелерди дайыма так аткараарыңарга ишенем!
- Абаны таза сактоо;
- Сууну үнөмдүү пайдалануу;
- Канаттууларга камкордук кылуу;
- Өсүмдүктөрдүн гүлдөп, өсүшүнө салым кошуу;

AnyScanner

- Жер-биздин үйүбүз! Ар бирибиз планетабыздагы жаратылышыбызды сактап н аракет кылалы.

**Жыйынтыктоо:**

Сабакты жыйынтыктоо максатында **"Кыргызстан 10 жылдан кийин ........** кыскача оюңарды бир сөз менен алдыңардагы стикерлерге жазып, доскада илинген к бетине чаптагыла.

**Баалоо:**

Доскага чапталган стикерлер аркылуу окуучулар өзүн-өзү баалашат жана мугали топтун иш аракеттерине карата баалоо жүргүзөт.

**Үй тапшырма:**

"Айлана чөйрөнүн булганышы" темасында эссе жазуу.

AnyScanner

# 3-класс

# Жаратылышты коргоо







Кл.жет: Мусаева Т. О.


AnyScanner

Балдар силер кызыл китеп жөнүндө уккансыңар керек. Кызыл китеп деген эмне? дегенде биз уккандарды айтабыз.

Демек балдар биз жаратылышты коргообуз керек экен ээ, жерибизди таза кармап, жан жаныбар-ларыбызга аяр мамиле жасап, канаттууларга камкор болуп, ~~бы~~ бак-дарактарыбызды кыйбай жакшы карашыбыз керек.

Үйгө тапшырма:

Кыргызстандын кызыл китебине кирген жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн сүрөтүн тартып келүү.



Кыргызстандын Кызыл китебине кирген жаныбарлар

Илбирс, карышкыр, тоо эчкиси, суусар ж.б.

Өсүмдүктөр жана курт-кумурскалар.

Махао көпөлөгү, карагай, Айгүл гүлү, аполлон көпөлөгү.

Буларды өлтүрбөй, аяр мамиле кылуу керек.

Физ. минутка.

Курчап турат бизди жапайы кооз,
Анжайып биздин жаратылыш.
Чымчыктар ырдашат
Жырткычтар аңдышат.
Кумурскалар, аарылар жана жашайт алар
Өрөөндүн баарында.

Эртең менен дагы кечинде
Суулар агат жердин бетинде
Кышында да жайында
Күзүндө да жазында
Жарык берсе күнүбүз
Жаркылдайт жүзүбүз
Жаратылыш биздин кенен үйүбүз.

Кыргызстандын кызыл китебине жаныбарлардын 2Ч0дөн ашык түрү киргизилген. Алар мамлекеттин өзгөчө коргоосунда турат.

Эстеп калгыла!

Кызыл китеп - сейрек кездешүүчү жана жоголуу коркунучундагы жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн тизмеси.

AnyScanner

## Сабактын максаты:

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар жаратылышты коргоо темасы тууралуу түшүнүк алышат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар текст менен таанышып, өз алдынча китепти окушат.

**Тарбия берүүчүлүк:** Жаратылышты коргоого, жаныбарларга, өсүмдүктөргө аяр мамиле кылууну үйрөтүшөт.

### Жаратылышты сактоо.

Жоголуп бара жаткан жаныбарлар,
Жана да аз кездешкен канаттуулар.
Жаратылыш дүйнөсү кайталангыс -
Жыландар, жырткычтар, айбанаттар.
А түгүл сейрек калган гүлдөр, чөптөр.
Корголот дайыма „Кызыл китеп" менен.
Бул болсо коңгуроону кагып турат.
Жаратылыш дүйнөсү коопту деген.

„Кызыл китеп" дегенде силер кандай түшүнөсүңөр?



"Кыргыз Республикасынын „Кызыл китеби" Бишкек шаарында, 2007-жылы экинчи жолу басылып чыккан.

Адамдын жердеги иштердин, өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын көп түрлөрүнүн жок болушуна, айрым жаныбарлар өтө эле азайып, жаратылышта жашуктуруна кыйындап баратканында алып келди. Күн сайын жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн кайсы бир түрлөрү жок болуп жатканын окумуштуулар эскертип чыгышкан. Жаратылышты коргоп калууга шашылыш чара көрүү керектигин адамдар түшүнө башташкан. Кызыл китеп мына ушинтип жаралган.

С.С. Усубалиев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби

# Класстык саат
# “Карысы бар үйдүн ырысы бар.”
## 4-класс

Класс жетекчиси: Э. Ч. Кадырова

AnyScanner

КАРЫСЫ БАР ҮЙДҮН ЫРЫСЫ БАР

**Сабактын максаты:**

- окуучулар кайрымдуулукка тарбияланышат;
- кары адамдарды сыйлоого үйрөнүшөт;
- чоң-ата, чоң-энелеринин кадыр-баркын түшүнүшөт;
- карылардын кеңешин дайыма угуу керектигин билишет;
- адептик билимдерин өнүктүрүшөт ж.б.

**Сабактын жабдылышы:**

Темага байланышкан макалдар жазылган кагаздар, кары адамдардын сүрөттөрү, магнитофон ж.б.

**Сабактагы негизги иш-аракеттер:**

Диалог, дискуссия, мугалимдин аңгемеси.

**Сабактын жүрүшү:**

**1-кадам: Уюштуруу иштери.**

Сабак мугалимдин «Кимдин чоң ата-чоң энеси, таята-таенеси бар? Аларды жакшы көрөсүңөрбү?» деген суроо менен баштайт. Окуучулардын көпчүлүгү кол көтөрүшөт. Мугалим аларды кубаттап: «Азаматсыңар балдар, баарыңар жакшы көрөт экенсиңер. Азыр мына ошол силердин сүйүктүү инсандарыңарга арналган төмөндөгү ырды чогуу угабыз» деп магнитофондон «Ары үйдө аксакалдуу кары болсо!» деген ырды уктурат. Эгерде мүмкүнчүлүк болбосо тексттин таап өзү ырдап, же көркөм окуп берсе да болот.

**2-кадам:** Мугалим балдардан ким карылар жөнүндө макал билерин сурап, айткан окуучуларды кубаттап турат. Улам айткандарын доскага жазып турса да болот. Мисалы:

Кары билгенди – пери билбейт дейт

Карынын сөзүн капка сал

Карынын сөзү - акылдын көзү

Карынын сөзү - канык, көрсөткөн сөзү - жарык

Карынын сөзү - жамак, жамагы – жашоого сабак

Карынын сөзү кеп болот, калайыкка эп болот

**3-кадам:** Мугалимдин төмөндөгү аңгемени окуучуларга окуп же айтып берет.

**Улууларга мамиле**

Улуу адам келсе, анны өзүңдөй өйдө өткөрүүгө, анны тамак менен да, сөз менен да, урмат менен да сыйлоого тийишпиз. Силерден да улуу бир туугандарыңар, туугандарыңар болсо, алардан тез-тез кабар алып барып тургула, куру барбай колдон келген бир назы-немат, же белек ала барсаң андан бетер тигилердин көңүлүн аласың. Улуу адамдын астында сөз талашпагыла, бүлкүнүп-

жулкунбагыла, анын сөздөрүн, насаатын уккула. Улуулар – силерге караганда бул дүйнөгө меймандар. Алар үйгө келсе, жол бошоткула, колуна суу куйгула, тосуп алгыла, атын байлагыла, чыгып кетип жатса, ордуңардан туруп узаткыла, атына мингизгиле, үйдөн чыгаргыла, бут жана сырт кийимдерин кийүүгө жардам бергиле. Жашы улуу адамдын астында бутуңарды узатып отурбагыла, эгер отурган жерден силерден улуу адамдар сыртка чыгып келерин билсеңер, ордуңардан туруп чыгарып жибербегиле, эгер тигил киши олтура бер дебесе, кошо чыгып келгиле, улуулардын алдында жамбаштап жатпагыла, алардан мурда тамакка кол узатпай жүргүлө, тамак келгенде ордуңардан ыргып тура калып чыны-табактарды улуу адамдарга алып бергиле. Улуулардын кеңешин уккула, атайын үйүңөргө чакырып тургула, чоң иш баштаардын алдында улуулардын батасын алгыла, улууларга тил кайтарбагыла, аларга тик карабагыла, акаарат кылбагыла. Тентектик кылгандар көбөйгөн, же айып кылгандар кармалган айылга башка жактан келгендер «эмне силерде улуулар жокпу» дейт, же «булар улуусун укпаган эл экен» дешет. Бул ошол айыл үчүн, ошол уруу үчүн жеткен уят иш. Эки адам урушса улууларга барат. Улуулар эмне десе, кичүүлөр аларды угууга, айткандарын аткарууга милдеттүү. Балдар, жаштар өздөрүнүн жашы улууларды эмне үчүн урматташты жана кандай кылып урматтоону билиши керек. Өздөрү да ошолордой жашка барат, ошондо аларды да кимдир бирөөлөр сыйлашын элестетет. Улуу муун силер деп канн төккөн, кыйналган, кысталган, эчен кыйынчылык көргөн, уйкусуз түндөрдү баштан кечирген, мамлекет курган. Ошон үчүн алардын бели эңкейип, чачтары түшүп, же кара чачтарын ак аралап, көзүнөн кубат кеткен. Алардын ошол абалын сыйлоо, түшүнүү керек. Айрым жаштар көзү жакшы көрбөгөн энени шылдыңдап койсо, бул бүт карыларды шылдыңдаганы.

Кары кишилер көбү таарынчаак, бала пейил болуп калат, аны түшүнүү керек, алар силерди ар дайым кечире билет, силерди жакшы болсун дейт, силер ошону түшүнүшүңөр керек (А.Муратов. Аталар сөзү - акылдын көзү. –Б.: 2008, 36-37-бб.).

**4-кадам:** «Эмне үчүн карылар үйү пайда болгон? Адамдарга мындай үй зарыл

беле?» деген суроолорду ортого таштап, дискуссия өткөрсө да болот.

**Үйгө тапшырма:** «Карысы бардын ырысы бар» деген темада кыскача

дилбаян жазып келишет.